**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталары**

*(2017-жылдын сентябрь айы)*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы отчеттук мезгил аралыгында ноталарды жайгаштыруу боюнча төрт аукцион өткөрүп, жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 10,0 млрд сомду түзгөн, бул өткөн айга караганда 17,6 пайызга көп.

Мында Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жарыяланган эмиссия көлөмүнөн 12,7 пайызга төмөн катталган, ушуга байланыштуу кароого алынган мезгил ичинде ноталарды кошумча жайгаштыруу ишке ашырылган эмес. Улуттук банктын ноталарына суроо-талаптын орточо ауциондук көлөмү[1] ай ичинде 17,4 пайызга төмөндөө менен 2,2 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына ылайык, отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктарды үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу максатында ноталарды сатуу көлөмүн жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28 жана 91 күндүк ноталар түзүп, алардын жалпы жайгаштыруу суммасы 7,1 млрд сом чегинде катталган (ай ичинде -4,2 пайыз).

Натыйжада, Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү ай ичинде 0,3 пайыздык пунктка төмөндөө менен отчеттук мезгилде 2,1 пайыз чегинде катталган. Алсак, Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7-күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү отчеттук мезгилде 1,1 пайыз (-0,5 п.п.) чегинде калыптанган. 7-күндүк ноталар кирешелүүлүгү өткөн айдагыдай эле эсептик чендин пайыздык чегинде катталган. Пайыздык чек да төмөнкүчө түптөлгөн: жогору пайыздык чек (“овернайт” кредиттери боюнча чен) – 6,25 пайыз деңгээлинде, төмөн чек (“овернайт” депозиттери боюнча) 0,25 пайыз деңгээлинде сакталып турган. Жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталар боюнча орточо салмактанып алынган чен – 2,4 пайыз деңгээлинде, жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар – 2,9 (-0,2 пайыздык пункт) жана жүгүртүү мөөнөтү 91 күндүк – 5,0 пайыз (+0,33) деңгээлинде түптөлгөн.

Отчеттук мезгилдин акырына жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан тартып 20,0 пайызга көбөйүп, 6,3 млрд сомду түзгөн. Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулар катары коммерциялык банктар саналып, алардын үлүшү 99,8 пайызды (-0,2 пайыздык пункт) жана юридикалык жак-резиденттер – 0,2 пайызды түзгөн. Кароого алынган мезгил ичинде орточо аукциондук сатуу көлөмү ай ичинде 19,7 пайызга көбөйүү менен 1,8 млрд сом чегинде түптөлгөн.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги жалпы суроо талап/сунуш көлөмү ордуна пайдаланылат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз болуп саналат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.10.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2016 | 2 000,0 | 1 976,6 | 98,8% | 23,4 | 1,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2016 | 2 000,0 | 1 986,2 | 99,3% | 13,8 | 0,7% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2017 | 5 244,0 | 5 142,4 | 98,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 101,6 | 1,9% |
| 01.02.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2017 | 3 555,0 | 3 555,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2017 | 3 795,5 | 3 795,5 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2017 | 6 290,5 | 6 279,1 | 99,8% | 11,4 | 0,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |